USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# 2-модуль

## Алфавит менен таанышуу

## МАЗМУНУ


1. Киришүү 3

2. Алфавит менен таанышуу 4

3. Алфавит жана окуй алуу менен таанышуу стратегиялары 5

4. Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга кантип үйрөтүү керек? 7

 4.1. Окуучулардын маалыматты кабыл алуусунун түрлөрү 7

 4.2. Окуу формалары 12

 4.3. Окууга үйрөтүүдө чыгармачыл мамиле 17

5. Алфавитти билүү жана окуй алуу жөндөмүн баалоо 21

6. Алфавитти үйрөтүү жана чечмелеп окуу боюнча көнүгүүлөр 29

7. Пайдаланылган адабияттар 60

8. Тиркемелер 61

# 1. КИРИШҮҮ


Азыркы учурда окууга үйрөтүү тыбыштык усул менен ишке ашырылат. Бул усулда окууга үйрөтүү жандуу кептин тыбышын изилдөөдөн башталат, андан соң тыбыштардан тамгаларга өтөт. Бул, биринчиден, тамга – жалпыланган графикалык белги, экинчиден, алфавиттерде тамгалар бир нече тыбыштык мааниге ээ болгону менен түшүндүрүлөт. Тыбыш тамганы эмес, тамга тыбышты билдирүү үчүн кызмат кылат. Тыбыштык усулду пайдаланууда адегенде сөздүн тыбыштык курамы талданат, андан соң алынган тыбыштардан баштапкы сөз куралат. Мына ошентип, окуучулар байланыштуу кеп сүйлөмдөргө, сөздөргө, тыбыштарга бөлүнгөнүн үйрөнүшөт. Окуучулар аларды алмаштырышат, алышат, кошушат, башкача айтканда, тыбыштар менен ойноо (манипуляция) процесси жүрүп, белгилүү көндүмдөрү калыптанат. Андан соң кийинки баскыч – бул алфавитти түзгөн тамгалардын графикалык сүрөтү менен таанышуу. Окуучулар тыбыштар жана тамгалардын мамилелештиги боюнча жетиштүү билимдерди топтошсо, андан кийин муундарды, толук сөздөрдөрдү окууга өтүшөт.


**1 Тыбыштарды угам**




**2 Тыбыштарды жана тамгаларды айкалыштырам**

ТАМГАЛАР
көрөбүз, жазабыз жана окуйбуз








**3 Тамга менен жазылган тыбыштарды муундарга бириктирем**

БА-КА
КО-РОЗ
МУ-РУТ

**4 Сөздөрдү окуйм**

БАЛ
СОЛ
КУР
ЧАЛ

Окуучуларды тыбыштык кабыл алууга үйрөтүүнү жана алфавит менен таанышууну камтыган окутуунун тыбыштык – тамгалык баскычы – мектепке чейинки курактагы балдарды жана биринчи класстын окуучуларын окутуунун маанилүү баскычы. Ушул баскычта окуучу тыбыштар жана тамгалар менен «ойноп бүтүшү» керек. Ушул оюндарда тамганын тышкы көрүнүшүн эске тутуу процесси тыбыштарды тамгага же тескеринче которуу / окуй алуу боюнча көнүгүүлөр менен байланышта жүрүшү зарыл. Ошондуктан бул билгичтиктерди жана көндүмдөрдү автоматикалык түргө жеткирүү керек. Эгер бул баскыч аткарылбай калса, окуучуларда окуу процессинде кыйынчылыктар пайда болот: тыбыш өзүнчө, белги / тамга – өзүнчө.

Бул модулду өздөштүрүүнүн натыйжасында тренингдин катышуучулары:

– алфавитти үйрөтүү тууралуу өзүнүн түшүнүгүн кеңейтишет;
– алфавитти окутуу процессинде кайсы стратегиялар натыйжалуу экендигин билишет;
– алфавитти окутуу боюнча ар түрдүү көнүгүүлөр менен таанышышат.

# 2. АЛФАВИТ МЕНЕН ТААНЫШУУ

Алфавит менен таанышуу тамгалардын аталышын таануу жана алардын графикалык сүрөтүн үйрөнүүдөн турат. Бул процесс тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү сыяктуу эле окууга үч баскычтуу үйрөтүүнүн бөлүгү болуп эсептелет: алиппеге чейин, алиппе (окуй алуу) жана алиппеден кийин.

**Алиппеге чейинки мезгил** – окуганды үйрөтүүнүн даярдык баскычы, бул процессте окуучулар кеп, тил, сөз, муун, тыбыш, тамга, басым тууралуу билимге ээ болушат. Бул схема муунду, сөздү жана сүйлөмдү жөнөкөй структуралаштырууга жардам берет, анын алдында тыбыштык кабыл алуу (тыбыштарды айырмалоо билгичтиги) боюнча көнүгүүлөр болот. Окуучуларды тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү боюнча башталгыч баскычта тыбыштар, андан кийин аларды белгилеген тамгалар окутулат.

Алиппеге чейинки мезгил адатта 3–4 жума окуу жана жазуу сабактарына катарлаш жүрөт. Биринчи окуу сабагында окуучулар тыбыштар менен таанышышат, аларды сөздөрдөн бөлүп карашат, андан соң аны басма тамга менен айкалыштырат, аны окушат. Кийинки сабакта ушул эле тамганын жазуу варианты менен таанышышат. Мектепке чейинки даярдоо программасын өтпөгөн жана таптакыр окуганды билбеген окуучулар ушул баскычты салыштырмалуу узунураак мөөнөттө өтүшөт.

**Алиппе мезгили** – негизги баскыч. Ушул баскычта окуучулар алфавиттин бардык тамгаларын, тыбыштын жана тамганын туура мамилелештигин, тамганын жана анын графикалык сүрөтүнүн айкалышын үйрөнүшөт. Ошондой эле муундарды окуудан толук сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окууга өтүү жүрөт. Алиппе мезгилин ***текстти окуй алуу*** (декодирлөө) процесси деп дагы атап коюшат.

**Чечмелеп окуй алуу (декодирлөө)** – бул жазылган тексттин, ошол эле учурда графикалык символдордун (тамгалар, сөздөр, сүйлөмдөр, тексттер) оозеки кепке которулушун түшүнүү.



Окуучулар тамгаларды окуй алууну өздөштүргөндөн кийин алар муундардын таблицасы же тилкелер боюнча муундарды окууга үйрөнүшөт; адегенде кыска, окшош, андан соң татаалыраак (эки жана көп муундан турган) сөздөрдү, сүйлөмдөрдү жана чоң эмес тексттерди окуу; тамгаларды, муундарды жазууга жана эстеп калууга же үлгү боюнча кээ бир сөздөрдү жазууга үйрөнүшөт.

**Алиппеден кийинки мезгил** окууну өркүндөтүүдөн жана аны автоматизмге жеткирүүдөн турат. Ушул баскычта окуучулар бардык тыбыштарды эркин, тез жана туура айтышып, бардык тамгаларды билиши зарыл, муундарды таанып жана алардын арасынан басым менен айтылган муунду бөлүп көрсөтүшү керек; негизги орфоэпикалык нормаларды сактоо менен муундап окушуп, жөнөкөй учурларда логикалык басымды жана тынымды жасоо менен жөнөкөй интонацияны сакташып, сөздөрдү түшүнүп, аларды угуу жана көрүү менен кабыл алышып, окуганды түшүнүшү керек.

# 3. АЛФАВИТ ЖАНА ОКУЙ АЛУУ МЕНЕН ТААНЫШУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Биринчи баскычта алфавитти үйрөтүүдө окуучулар тыбыштын тамга менен тең салмактуулугун белгилешет, андан соң муунду окушат жана муунду сөзгө бириктиришет. Кийинки баскычта окуучулар толук сөздү окуу менен, андан тааныш бөлүктү табышат, рифманы же контекст (сүрөт жардамчы контекст катары болушу мүмкүн) боюнча сөздү таанышат. Бул окутуу баскычы сөздүн маанисин түшүнүү жана басымды туура коюу менен тез жана туура окуу менен аяктайт. Окуганды түшүнүү аракетинин тууралыгын көзөмөлдөө ыкмасы болуп эсептелет: эгер окуучу сөздү түшүнсө, демек, окуу туура болгон. Төмөндөгү таблицада окуй алуунун стратегиялары /баскычтары сунушталган. Алар сөзсүз эле ырааттуу пайдаланылбайт. Мисалы, топтоштуруу (синтез), талдоо (анализ), сөздүн тааныш бөлүктөрү боюнча окуу жана контекстти пайдалануу аркылуу орундарын алмаштырышы мүмкүн.

| Стратегиялар/ баскычтар | Аныктама | Мисалдар |
|---|---|---|
| Топтоштуруу (синтез) | Тамгалар менен таанышуу. | Тыбыштардан толук сөздү оозеки курраштыруу |
| | Тамга менен тыбыштын мамилелештиги. | [б] тыбышы, «бэ» тамгасы |
| | Тыбыштардан жана тамгалардан муун жана сөз куроо. | Мисал: [м]-[е]-[к]-[т]-[е]-[п] – мектеп |
| | Сөздү муундарга ажыратуу. | ча-ка, жа-ка, жө-жө, ка-ра-гат |
| Талдоо (анализ) | Рифмалашкан сөздөрдү табуу жана түзүү. | Рифмалаштырган сөздөрдү аныктоо **Мисал**: *көз – каз, ийнелик – ийменип* |
| | Эки же андан көп муундан турган сөздөрдү табуу. | Адегенде бир-эки муундан, андан соң көп муундан турган сөздөр **Мисал**: нан, ба-ла, мек-теп, чы-па-лак, те-гир-мен |
| | Мүчөлөрдү пайдалануу менен сөздөрдү куроо. | **Мисал**: *шаар, шаар-дык, шаар-га, шаар-дык-тар, шаар-лар-дан* |
| | | ап**а**, апа**ма**, апам**ды**, апа**ларга**; апа**лар** |

| Стратегиялар/ баскычтар | Аныктама | Мисалдар |
|---|---|---|
| Контекстуализация | Сөздү таануу үчүн контексти пайдалануу.<br><br>**КОЁН** | • Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн тема жана текст жөнүндө билимдерди пайдалануу<br>• Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн сүйлөмдүн түзүлүшү жөнүндө билимдерди пайдалануу<br>• Сөздү автоматтык түрдө окуй алуу үчүн тексттеги маалыматты пайдалануу<br>• Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн, тилдин түзүлүшүн жана тексттеги багыттама жардамды (подсказка) пайдалануу |
| Сөздү жазуу | Тамгаларды жазуу формасына которуу. | Сөздөрдү тамгалардын жардамы менен жазуу<br>**Мисал**:<br>**КУМУРСКА** |
| Сөздөрдү автоматтык түрдө таануу | Сөздү тез жана автоматтык түрдө аныктоо / таануу. | Рифмалаштырган сөздөрдү аныктоо<br>Сөздү таануу / аныктоо<br>Туура окуу |

# 4. АЛФАВИТТИ БИЛҮҮ АРКЫЛУУ ОКУЙ АЛУУГА КАНТИП ҮЙРӨТҮҮ КЕРЕК?

Окуганга үйрөтүүнүн башталгыч баскычы – алфавит жана окуй алуу менен таанышуу ийгиликтүү өтүшү үчүн мугалим окуучуларда кабыл алуунун кайсы түрү үстөмдүк кыларын билүүсү маанилүү. Ага байланыштуу, окуунун бир формасынан экинчи формасына баскыч-баскыч менен өтүп, ар түрдүү окутуу ыкмаларын пайдалануу керек. Бул окуучуларга окуу техникасын ишенимдүү өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алфавит менен таанышуу баскычында окуу сабактарынын маанилүү негизи – чыгармачылык менен мамиле кылуу.

## 4.1. ОКУУЧУЛАРДЫН МААЛЫМАТТЫ КАБЫЛ АЛУУСУНУН ТҮРЛӨРҮ

Ар бир бала уникалдуу, ар түрдүү жөндөмдүүлүктөргө ээ, маалыматты өз алдынча кабыл алып, иштеп чыгат. Окуганга үйрөтүүнүн натыйжалуулугун өнүктүрүүдө визуалдык, вербалдык, логикалык, сынчыл ой жүгүртүү, угуу, кинестетикалык жана окуучулардын кабыл алуусунун башка түрлөрүнө багытталган окутуу ыкмаларын колдонуу сунушталат. Сабакта мугалим кабыл алуунун бардык каналдарын (көрүү, угуу, аналитикалык жана кинестетикалык) пайдалануу менен балдарга маалыматты сунуштаса, ошондо алардын ар биринде ал маалыматты өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болот. Эгер мугалим окуучу кайсы категорияга тиешелүү экендигин билсе, алар менен мамиле түзүү, көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды тандоо, окуунун керектүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн баалоо жеңил болот.




Класстагы ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда тамгаларды көрсөтүү үчүн дененин кыймылын, муундарды жана сөздөрдү куроо үчүн магниттүү тамгаларды пайдаланууну, тамгаларды манжалар же калем менен абада кыймыл менен жазууну байкоону, кумда тамгаларды жазуу үчүн таяктын, тактада бордун, компьютердин же интерактивдүү тактанын жардамы менен, кагазга калем менен, ак тактага маркер менен, тексттерди түзүү жана сөздөрдү куроо үчүн кагаздын барагын жана тамгаларды жасоо, кесүү жана сүрөт тартууну пайдаланууну камтышы мүмкүн. Төмөндөгү таблицада окуучулардын кабыл алуусунун белгилүү болгон түрлөрүн эске алуу менен түзүлгөн тапшырмалардын тизмеси келтирилген.

**Малыматты кабыл алуу түрлөрү**

**Кабыл алуунун ушул түрү үстөмдүк кылган окуучулар үчүн окууга үйрөнүүнүн кандай тапшырмалары көбүрөөк натыйжалуу?**





**Көрүү (визуалдык)**

Окуучуда көрүү аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылат, ал сүрөтү жакшы тартылган материалды тезирээк кабыл алат, байкоо жүргүзүү жолу аркылуу көндүмдөрүн жеңил калыптандырат. Топтогу иштерге караганда жекече тапшырмалардын жыйынтыктары жакшыраак.

- ✓ Иллюстрацияларды, сүрөттөрдү, карточкаларды, фотосүрөттөрдү, мультимедиялык технологияларды жана башка визуалдык материалды пайдалануу. Кабыл алуунун мындай түрү өнүккөн окуучуларга материалды өздөштүрүү убагында сүрөттөрүн тартууну сунуш кылса болот.
- ✓ «Жашырылган тамга», «Тамганы тап», «Сыйкырдуу тамгалар», «Буюмдардын аталышы кайсы тамгадан башталат?» ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

### Угуу (вербалдык)


Окуучу маалыматты угуу аркылуу кабыл алат, сөз материалдарын жакшы эстеп калат. Ал эмне жасап жатканына комментарий берүү натыйжалуу көндүмдөргө ээ болууга түрткү болот. Мындай окуучуга тыбыштарды чыгарып, эриндерин кыймылдатып эстеп калуу процессинде эскертүү бербегенге аракеттенүү керек – ал тапшырманы ушундай шартта жеңил аткарат.

Кабыл алуунун мындай түрү өнүккөн окуучуларга үн чыгарып окууга, сүйлөшүүгө, комментарий берүүгө карата тапшырмаларды колдонуу. Аудиоматериал менен иштөө маалыматты жакшы кабыл алууга жардам берет.

Мындай балдарга үндү өзгөртүү менен көнүгүүлөрдүн түрлөрүн (катуу чыгаруу, тыным, бийиктиги), кептин ритмин ымдоолор менен чагылдырууну колдонуу сунушталат.

«Дөңчөлөр», «Муундук таблицалар», «Татаал муун», «Сөздө канча муун бар?» ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.





## Кыймыл (кинестетикалык)

Маалыматтын көпчүлүк бөлүгүн сезим аркылуу (жыт билүү, сезүү) жана кыймылдын жардамы менен кабыл алган окуучулар. Кабыл алуусу ушундай болгон окуучу эмоция аркылуу маалыматты кармап көрүшү, сезиши, өткөрүшү керек. Мындай окуучулар үчүн кармоо, кыймыл, сезимдер маанилүү, ал маалыматты ишмердүүлүк процессинде жакшыраак эстеп калат. Окуучу алаксыбаш үчүн ага сабактарда активдүү ролду ойноого мүмкүнчүлүк берүү керек.

Кыймыл аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылган окуучу үчүн тапшырмалар кыймылды, оюндарды, денелик көнүгүүлөрдү, бий жана музыканы, колдор менен иштөөнү, кагаздан, пластилинден жана башка материалдардан бир нерселерди жасоону, аракеттердин театрализациясын камтышы керек. Жаңы билимдерди сезимдер, образдуу ой жүгүртүү, чыгармачылык менен байланыштыруу зарыл.

Мындай окуучуну көп убакытка чейин кыймылсыз отургузса болбойт: ага мотордук кыймылдоо мүмкүнчүлүгүн (борго, журналга баруу, тактага жазуу, үйдөн – башка бөлмөгө барып келүү ж. б.) берүү керек; материалды кыймылдоо учурунда эстеп калуу ал үчүн жеңил: «Кыймыл менен «Ф» тамгасын көрсөт, «Ш» тамгасынын астына тур, эгер сөздө [С] тыбышын уксаң отурсаң болот».

«Тамганы көрсөт», «Дамдуу тамак бышырабыз!», «Өзүңдүн тамгаңды тап», ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.





**Логикалык**

Бул типтеги окуучу маалыматты негизинен логикалык аӊдап-түшүнүү аркылуу, сандардын, белгилердин, логикалык жүйөлөрдүн жардамы менен кабыл алат. Психологдор маалыматты кабыл алуунун ушул тибин мүнөздөө менен *математик, сынчыл ой жүгүрткөн, логик, баалоочу* терминдерин мисал келтиришет.

Бул типтеги балдар үчүн логикалык түшүндүрмө жана далилдик негиз абдан маанилүү. Окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү үчүн төмөнкү көнүгүүлөр пайдалуу жана натыйжалуу: эксперименттер, пазлдар, баш катырмалар, изилдөөлөр, баалоо, графика.

«Гезит», «Кубик», «Кроссворд», ж. б. көнүгүүлөрү «Алфавитти билүү аркылуу окуй алууга үйрөтүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүгүндө.

## 4.2. ОКУУ ФОРМАЛАРЫ

Окуунун төмөнкүдөй ар түрдүү формалары бар: үлгүлүү, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу. Окуй алууга үйрөтүүдө окуунун бир формасынан башкасына баскычтуу өтүү натыйжалуу. Биринчи баскычта мугалим үлгүлүү окууну көрсөтөт, бул окуучулар туура жана көркөм окуу менен таанышуу үчүн маанилүү. Андан соң мугалим жана окуучулар бирге окушат. Ал окуучуларга мугалимди ээрчүү менен окуганды практикалоого мүмкүнчүлүк берет. Кийинки баскычта – окуучу мугалимдин колдоосу менен өзү окуганга аракет кылат. Эң аягында, акыркы баскычта окуучу өз алдынча окууга өтөт.

**Окуу формалары**

| Окуу формалары | Баяндалышы |
|---|---|
| **Үлгүлүү окуу** | **Үлгүлүү окууда** мугалим текстти үн чыгарып окуп берет. |

Мугалим тарабынан үн чыгарып окуу туура окуунун модели болушу керек. Ушул учурда ал окуу көндүмүн калыптандырууда окутуунун бирден бир маанилүү ыкмасы болуп саналат, себеби туура, көркөм окууну угуу аркылуу окуучулар тыбыштарды туура айтууну өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат.  Ошол эле учурда белгилүү шарттарда (талкуулоо, комментарий берүү) үн чыгарып окуу окуучуларга окуганын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар мугалимдин текстти үн чыгарып көркөм окуусун рахат алып угушат.

Дагы бир нерсе маанилүү: Мугалим сабак үчүн керек, окуучулар үчүн тандалган чыгарманы же анын бир бөлүгүн төмөнкү ыкмаларды пайдалануу менен окушу мүмкүн:

– салттык окуу: мугалим окуйт, балдар угушат;
– окууга үйрөтүүнүн интерактивдүү ыкмалары: окуу учурунда мугалим окуучуларга суроо берет, окуучулар жооп беришет. Текстти жана анын сүрөттөрүн талдоо сунушталат;
– тыным менен окуу: мугалим биринчи бөлүгүн окуйт, токтойт жана окулган бөлүгү тууралуу окуучулар менен сүйлөшөт: «кийинки бөлүктө каарман кандай окуяларга кездешет же чыгармадагы сюжет кантип өнүгөт?» Окуучулар текстке таянып, окуянын өнүгүшүнүн ар кандай варианттарын сунуштап божомолдошот;
– «чоң китептерди» (кооздолгон чоң көлөмдөгү китептер) окуу.

Үн чыгарып окуу үчүн китепти же текстти тандоо өтө маанилүү болуп эсептелет. Бул мугалим окуучулар менен талкуулай турган окуя /кубулуш  сабактын темасы менен байланышкан окуу китебиндеги же башка булактагы текст болушу мүмкүн.

**Сабакта үн чыгарып окууну уюштуруу боюнча сунуштар:**

- ✓ Класста китепти окугандан мурун, тааныш эмес сөздөрдүн маанисин тактоо үчүн аны сабакка чейин окугула.
- ✓ Класста текстти угуу үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу жагдайды (окуучулардын маанайын көтөрүү, активдүү угууга шыктандыруу) түзгүлө.
- ✓ Текстти окуганга чейин окуучуларды чогуу китептин мукабасын карап, бул китеп эмне жөнүндө экендигин табууга аракет кылууну сурангыла.
- ✓ Авторду жана китептин сүрөтчүсүн тааныштырып, китептин үстүнөн жазуучулар дагы, сүрөтчүлөр дагы иштешерин айткыла.
- ✓ Окуучулар сүрөттөрдү көрүшү керек, ошондуктан китептеги сүрөттөр класстагы бардык окуучуларга жакшы көрүнүп жатканына байкоо жүргүзгүлө.



- ✓ Китепти окуганга ыңгайлуу болгудай кармагыла.
- ✓ Окуганда китепке кылдат мамилени көрсөткүлө (аны тыкан пайдалануу, мукабасын жана бетин бүктөбөстөн, китепти ачык алаканда кармоо, кооз чөп катты пайдалануу).
- ✓ Окуу процессинде окуучуларды чыгарманы түшүнүүгө тартуу үчүн эмоцияларда, дененин тилинде, жаңсоодо, интонацияда өзгөртүүлөрдү пайдалануу керек.

- ✓ Эгер мүмкүн болсо, кыймылдарды көрсөтүү, тыбыштарды айтуу, сөздөрдү же сүйлөмдөрдү кайталоону сунуштоо менен окуучуларды чыгарманын жүрүшүнө тартуу зарыл. Мугалим окуучуларга окуп жаткан окуяны ой менен «көрүүгө» жардам бериши керек. Визуалдык бөлүкчөсүнө кунт койгон окуучуларды окугандын маанисин түшүнүү үчүн визуалдык багыттама жардамды пайдаланууга үйрөткүлө.
- ✓ Окуучуларга көрөгөч байкоочу болууга жардам берүү үчүн талкуулоо сүрөттөрүндө бөлүкчөлөрүн жана каармандардын мүнөздөмөлөрүнүн элементтерин көрсөтүү зарыл.
- ✓ Окуучуларга китептин идеясын гана эмес, тыбыштарды, жыттарды, даамды, денелик сезимдерди жана эмоцияларды айтууга жана элестетүүгө жардам берүү маанилүү. Бул чыгарманын негизги оюн түшүнүүгө жардам берет. Мисалы, ылайыктуу үзүндүлөрдөн токтоп, окуучулардан сураса болот: «Силер кандай деп ойлойсуңар, каарман эмнени сезип жатат? Каармандар кандай тыбыштарды угушту? Алар кандай жыттарды сезишти?»

### Биргелешип окуу

**Биргелешип окуу** окуй алуунун стратегияларын пайдалануу менен мугалимге жана окуучуларга бирге окуганды түшүнүү жана сөздөрдүн маанисинин үстүндө иштөөгө мүмкүнчүлүктү берет. Окуунун бул түрү окуучулардын окурман катары өзүнүн баа берүүсүн жана окууга кызыгуусун жогорулатууга түрткү болот. Мугалим текстти окууга тартуу менен окуучуну өзүнүн артынан «алып жүргөнсүйт».



Биргелешип окуу процессинде текст класстын бардыгына көрүнүп турушу же ар бир окуучуда болушу маанилүү. Окуу тексттин бөлүктөрү боюнча (сүйлөмдөр, фразалар, чоң эмес абзац) окугандын маңызын аныктоо менен өткөрүлөт.

Биргелешип окуу окуучуларга алар өз алдынча азырынча окуй ала албаганды окууга мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдин колдоосу менен, алар текстти өз алдынча окугандай ийгиликтүү окушат. Биргелешип окуу оозеки жана жазуу тил ортосундагы мамилелештикти өздөштүрүүгө жардам берет, себеби окуу процессинде тыбыштык кабыл алуу жана алфавит менен таанышуу жөнүндө билимдер пайдаланылат, ал эми жыйынтыгында сөздү, сүйлөмдү жана текстти окуганын түшүнүүсүн жогорулатат.

## Башкарып окуу

**Башкарып окуу** окуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу менен, текст кантип окулушу керектигин түшүнүү жана окуу, талкуулоону камтуу менен окуучуларды окуганга демилгелейт. Ушул баскычта окуучулар мугалимдин жардамы менен окушат.

Мугалим окуу көндүмү бирдей деңгээлде өнүккөн окуучулардын чоң эмес тобу менен иштейт. Ал окуй турган текст менен окуучуларды алдын ала тааныштырат. Ар бир окуучу тексттин баарын же анын кээ бир анын бөлүктөрүн окуйт. Окуганда мугалим окуучуларга жардам берет, аларды демилгелейт жана тигил же бул окуу стратегияларын тандоосун колдойт. Окуу учурунда окуучулар жаңы сөздөрдү жана алардын маанисин табышат, үн чыгарып талкуулашат жана окуганды жакшы түшүнүү үчүн текстти кайра окушат.



## Өз алдынча окуу

Өз алдынча окуу тандалган текстти өздөштүргөн окуу стратегиясын пайдалануу менен окуучулардын өзүлөрүнүн окуусун билдирет. Үн чыгарып окууга үйрөнүү, андан соң акырындык менен «ичтен» окууга өтүү маанилүү.

Мына ошентип, үн чыгырып окуу акырындык менен «ичтен» же үн чыгарбай окуу деп аталган окуу менен алмашат. Мындай окуу абдан маанилүү болуп эсептелинет, «ичтен» окууну өздөштүрүү менен, окуучу маалыматтын көп санын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, себеби «ичтен» окуунун ылдамдыгы көндүмдү калыптандыруунун мурунку тепкичтериндеги окуу ылдамдыгынан бийик.

Класстагы окуучулардын «ичтен» окуусу алардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган. Сабакта окуучуларга текст менен өз алдынча таанышуу үчүн окуу тапшырмаларынын чоң комплекси сунушталат.

«Ар бир калыптанган көндүмдү, экинчи тилди өздөштүрүүдө да, музыкалык аспапта ойноодо да же китеп окууда болобу, практикалоо керек. Биз бул көндүмдү пайдаланууну канчалык практикаласак, ошончолук аны жакшы аткарабыз»[1].

Класста өз алдынча окууну же «ичтен» окууну уюштуруу менен, мугалим төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

– текст же китеп окуучулардын деңгээлине (курактык, психологиялык факторлор, тил ж. б.) ылайык келиши;
– тексттердин /китептердин типтеринин ар түрдүүлүгү, окуучулардын тигил же бул текст же китепти окуу мотивациясы;
– тексттин/ китептин сабактын максат жана милдеттерине дал келиши;
– берилген өз алдынча окуу материалын өздөштүрүү үчүн сабакта жеткиликтүү убакыттын болушу.

«Ичтен» окууну окуу сабактарында гана эмес, башка дагы сабактарда дагы практикаласа пайдалуу. Бирок окуучулар класстагы өз алдынча окууну милдет катары кабыл албастан аны жагымдуу убакыт өткөрүү катары мамиле жасашына, окуганда калыптанган окуу көндүмүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн канааттануу алуу катары кабыл алуусуна аракет кылуу керек. Андан сырткары, класстан тышкары: үйдө же китепканада окуучулардын китептерди өз алдынча окуусу маанилүү ролду ойнойт.

Текст менен жекече иштөөнүн бир формасы болуп **калем сапты же калемди пайдалануу менен окуу** эсептелинет.

Окуучулар бул учурда окуп жаткан китебиндеги сапты калем сап же калем менен салмактуу жылдыруу аркылуу алардын учу кайсы жерде турса, ошол жерге көңүл бурушат. Калем же калем сап көңүлдү топтоо үчүн жардам берет.

[1] Mary Jo Fresch, Strategies for Effective Balanced Literacy. USA, 2010.



## 4.3. ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨ ЧЫГАРМАЧЫЛ МАМИЛЕ

Окууга үйрөтүү, өзгөчө биринчи баскычында – бул татаал процесс, ошондуктан чыгармачыл көнүгүүлөрдү пайдалануу натыйжалуу багыт болуп эсептелинет. Образдуу ой жүгүртүүгө жана дене мүчөлөрүн пайдаланууга тапшырмалар алып жаткан маалыматтын керектүү көлөмүн окуучулардын эсинде кармап турууга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар тамгаларга жеңил «жан киргизишет» жана сунушталган көнүгүүлөрдү кубануу менен аткарышат.

«Ү» тамгасы үй, ал эми «Ч» – чыйпылдаган чымчык болушу мүмкүн, окуучулар өзүнүн дене мүчөлөрү менен тамгаларды «жазышат» же окуучулардын тобу дене мүчөлөрү менен тамгаларды «курушат».

Мугалим окуучуларга полдогу тамгалардын үстүнөн басууну сунуштайт. Ушундай образдарды түзүү менен, окуучулар тамгалардын көп санын жеңил эстеп калышат жана андан кийин кызыгуу менен окушат. Ушундай көнүгүүлөрдү аткаруунун жыйынтыгында, көңүл буруу алгылыктуу жакшырат, үй тапшырмаларын аткаруу убактысы кыскарат.


КАРТА
НАЧАЛО
СЕРЕДИНА



Чыгармачыл ыкманын мисалы катары **«манжалар оюнун»** пайдаланса болот. **«Манжалар оюну»** майда моториканын активдүүлүгү менен байланыштуу, ал окуучулардын акыл-эсинин жана кебинин өнүгүүсүнө таасир этет. Мындай оюндарды окуучулар оңой эле аткарышат, себеби алардын негизинде оюн ишмердүүлүгү жатат. **«Манжалар оюну»** сабак учурунда, тапшырмалардын ортосунда окуучуларга эс алып алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Окуучуларга абада тамганы тартуу жана анын тыбышын үн чыгарып айтуу; тамганы пластилинден жасоо жана анын тыбышын айтуу; кагаздын барактарын айрып тамганы жасоо жана анын тыбышын айтуу; кумда, топуракта тамганы кол менен тартуу жана анын тыбышын айтуу; манжалардан «Л», «А», «О», «Ш» тамгаларын түзүү жана алардын тыбышын айтуу; жиптин жардамы менен кагазга тамганы тартуу жана анын тыбышын айтуу ж. б. сунушталынат.



Көпчүлүк мугалимдер  алфавит менен иштөө үчүн пайдалуу ресурс катары буюмдардын сүрөтү тартылган карточкаларды эсептешет. Мындай карточкалардын жардамы менен көптөгөн көнүгүүлөр өткөрүлөт.  Кичи топтордо, жупта же бир окуучу менен жекече иштөөдө кичинекей көлөмдөгү карточкаларды пайдаланса болот. Карточкалардын көлөмү топтун санына жараша даярдалат.




### Карточкаларды пайдалануу мисалы

Мугалим окуучуларга чоң көлөмдөгү карточканы көрсөтөт (колунда кармап турат же тактага бекитет). Андан соң окуучуларга суроолорду берет, тапшырмаларды сунуштайт жана кайсы көндүмдөрүн өнүктүрүү керектигине жараша окуучулардын аналитикалык ишмердүүлүгүнө багыт берет:

- Бул сөздө канча тамга жана канча муун бар?
- Сөздү муунга ажыраткыла.
- Ушул эле муундан башталган башка сөздү атагыла.
- Бирдей сандагы тыбыштары/муундары бар сөздү тапкыла.
- Ушул эле тыбыш /ушул эле тамгадан башталган сөздөрдү /сөздү тапкыла.
- Ушул сөз менен рифмалашкан сөздү (эгер бар болсо) тапкыла.
- Бир тыбышка /муунга көп /аз сөздү тапкыла.

# 5. АЛФАВИТТИ БИЛҮҮ ЖАНА ОКУЙ АЛУУ ЖӨНДӨМҮН БААЛОО

Алфавитти билүү жана чечмелеп окуй алуу көндүмдөрү тыбыштык кабыл алуу менен өз ара байланышта: тилдин түзүлүшүн жана биз айткан сөздөр өзүнчө тыбыштардан турарын жакшы түшүнүү окуучуларга тыбыштын тамга менен байланыштыруунy жана тамгаларды сөздөргө бириктирүүнү жеңилдетет.

Андан сырткары, чечмелеп окуй алуу дагы башка татаалыраак көндүмдөр менен байланышта: окуучу сөздү чечмелеп окуй алган учурда, ал ошол эле убакта анын маанисин жана контекстин ойлойт. Мына ошентип, текстти окууга үйрөтүүнүн ушул баскычы оозеки кепти угуп кабыл алуудан жазылган тексттеги тамгаларды кабыл алууга «көпүрө» болуп эсептелинет.

Алфавитти билүү жана чечмелеп окуй алуу жөндөмүн баалоо үчүн тесттердин орчундуу көпчүлүгүн биринчи класстын биринчи жарым жылдыгында өткөрүү сунушталат; кийинчерээк аларды ушул жөндөмдөрдү үйрөнүүдө кыйынчылыктар менен кездешкен окуучуларга өткөрсө болот.

## 1-БААЛОО. СӨЗДӨГҮ БИРИНЧИ ТАМГАНЫ ТААНУУ

Алфавитти билүү

**Деңгээл:** 1-класс. Биринчи жарым жылдык (алфавитти үйрөнүүдө кыйынчылыктар менен кездешкен окуучулар үчүн кечирээк өткөрсө болот).

### Баяндоо

Тест сүрөттөрдөн жана тамгалар жазылган таблицадан турат. Окуучуларга сүрөттө тартылган буюмдун аталышынын биринчи тамгасын тандоо сунушталат. Тестти бардык класс үчүн же окуучулардын тобу үчүн бир эле убакта өткөрсө болот.

### Баалоону кантип өткөрсө болот?




Мугалим окуучуларга тесттин тапшырмасын таратат жана иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт: «Бул чакан тест сүрөттө тартылган буюмдун аталышынын биринчи тамгасын таба аларыңарды текшерет. Эң жогорку катарды карагыла. Сүрөттө балта тартылган, ал эми жанында – катар менен үч тамга. «Балта» сөзү «Б» тамгасынан башталат, ал тегерек менен белгиленген. Бул туура жооп. Андан ары ар бир катардан ушуну эле аткаруу керек: сүрөттө тартылган буюмдун аталышы башталган тамганы тегерек менен белгилөө керек.

### Жыйынтыктарды баалоо

Эгерде окуучу 10 суроонун ичинен 8 суроого туура жооп берсе, бул анын сөздөгү биринчи тамганы таануу көндүмү жеткиликтүү даражада калыптанганын билдирет. Туура жооптору 7 жана андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүндө мындан ары дагы иштөө керек экендигин билдирет.

**Көндүм**: Биринчи тамганы аныктоо **Мөөнөтү**:_________________ **Упай**: _____/10

Фамилиясы, аты ____________________________________________________________

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Мисал** |  | Д | Ү | Б |
| 1 |  | О | К | Ч |
| 2 |  | Р | Э | Т |
| 3 |  | Ж | Т | Э |
| 4 |  | Г | У | Т |
| 5 |  | М | О | К |
| 6 |  | А | Ш | К |
| 7 |  | Д | Б | Ү |
| 8 |  | С | Ж | Ө |
| 9 |  | Э | У | П |
| 10 |  | С | Р | К |

## 2-БААЛОО. ЖОК (ОЙЛОП ТАПКАН) СӨЗДӨРДҮ ОКУУ

Чечмелеп окуй алуу

**Деңгээл:** биринчи класс (тамгалардан сөз кураштырууда кыйынчылыктарга кездешкен окуучулар үчүн кийинчерээк өткөрсө болот).

### Баяндоо

Тест таблицадан турат. Анда 20 сөз келтирилген. Мындай сөздөр кыргыз тилинде жок, бирок алар кыргыз тилиндеги тамганын айкашынын негизги эрежелерине ылайык түзүлгөн. Ушул сыяктуу тапшырмалар чечмелеп окуй алуу жөндөмүн таза түрдө өлчөйт, биринчи тамгаларына карап, сөздүн калган бөлүгүн «таап алуу» мүмкүнчүлүгү жоюлат.

Тест ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт; бир эле таблица көп жолу пайдаланылышы мүмкүн, себеби окуучулар анда эч кандай белгилерди коюшпайт.

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучунун маңдайына отуруп, ага сөздөр менен таблицаны берет жана иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул тест көңүлдүү: сен кыргыз тилинде жок, ойлоп табылган сөздөрдү окушуң керек. Шашпай оку. Мен баа койбойм, сен ушундай сөздөрдү кантип окуй аларыңды көрүшүм керек».

Окуучу окуп жатканда, мугалим таблицанын көчүрмөсү менен иштейт, андан окуучулар туура эмес окуган сөздөрдү белгилейт. Таблицадагы ар бир сөздүн астында пайдаланган сөз айкашынын тиби көрсөтүлгөн. Мына ошентип, мугалим окуучунун каталарында кандайдыр бир мыйзамченемдүүлүктөрдүн болушун, окуучулар үчүн кайсы муундар жана айкалыштар кыйынчылык менен берилгенин аныктай алат. Таблицанын төмөнкү бөлүгүндө мугалим кайсы муундардын үстүндө окуучулар менен кошумча иш алып баруу керектигин белгилейт.

Баалоону өткөрүүдө мугалим кандайдыр бир визуалдуу жана вербалдуу баа бербеши керек: баш ийкөө, башын чайкоо, «азамат», «ооба», «туура эмес» ж. б. айтуу окуучулардын эмоционалдык абалына жана тестирлөөнүн жыйынтыгына орчундуу таасир этиши мүмкүн.

### Жыйынтыктарды баалоо

20 суроонун 16 сына туура жооп берген окуучу чечмелеп окуй алуу жөндөмү жеткиликтүү даражада калыптанганын билдирет. 15 жана андан аз туура жооп ушул жөндөмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керектигин көрсөтөт.

*Эскертүү:* Бул таблицада келтирилген сөздөр кыргыз тилинде жок болгондуктан, аларды туура окуунун эрежеси дагы жок.

| | |
|---|---|
| 1. | чөкөп |
| 2. | шыңба |
| 3. | лүпү |
| 4. | камшы |
| 5. | мыкыт |
| 6. | зөкү |
| 7. | үгөө |
| 8. | гон |
| 9. | лусу |
| 10. | оч |
| 11. | сөң |
| 12. | убан |
| 13. | элме |
| 14. | айпа |
| 15. | бүкө |
| 16. | муу |
| 17. | шул |
| 18. | абда |
| 19. | суноп |
| 20. | үлкүт |

**Көндүм**: Ойлоп тапкан (жок) сөздөрдү окуу **Мөөнөтү**:___________ **Упай**: _____/10

| | Окуучунун фамилиясы, аты | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | чөкөп<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | шыңба<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | лүпү<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. | камшы<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | мыкыт<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | зөкү<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | үгөө<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | гон<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | лусу<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | оч<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11. | сөң<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12. | убан<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13. | элме<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14. | айпа<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15. | бүкө<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 16. | муу<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17. | шул<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 18. | абда<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 19. | суноп<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 20. | үлкүт<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | | |

## 3-БААЛОО. ТААНЫШ СӨЗДӨРДҮ ОКУУ

Тамгалардан сөз куроо

**Деңгээл**: биринчи класс (же тамгалардан сөз куроодо кыйынчылыктарга кездешкен окуучулар үчүн кийинирээк өткөрсө болот).

### Баяндоо

Тест окуучуларга тааныш бир же эки муундан турган 20 жөнөкөй сөздөр келтирилген таблицадан турат. Тест ар бир окуучу менен жекече өткөрүлөт. Бир эле таблица көп жолу пайдаланышы мүмкүн, анткени окуучулар эч кандай белгилерди коюшпайт.

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучунун маңдайына отуруп, ага сөздөр менен таблицаны берет, иштин максатын жана ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул жерде сен окуй турган сөздөр жазылган. Шашпай оку. **Сен сөздөрдү туура окуганың маанилүү**, абдан тез окуунун кереги жок. Мен сага баа койбойм, сен мындай сөздөрдү кантип окуй аларыңды гана көрүшүм керек».

Окуучу окуп жатканда, мугалим таблицанын көчүрмөсү менен иштейт жана туура эмес окулган сөздөрдү белгилейт. Таблицадагы ар бир сөздүн астында пайдаланган тамгалардын айкашынын тиби көрсөтүлгөн. Мына ошентип, мугалим окуучунун каталарында кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүктөрдү, окуучулар үчүн кайсы муундар жана айкалыштар кыйынчылык менен берилгенин аныктай алат. Таблицанын төмөнкү бөлүгүндө мугалим кайсы муундарды окуучулар менен кошумча иштөө керектигин белгилейт.

Баалоону өткөрүүдө мугалим кандайдыр бир визуалдуу жана вербалдуу баа бербеши керек: баш ийкөө, башын чайкоо, «азамат», «ооба», «туура эмес» ж. б. айтуу окуучулардын эмоционалдык абалына жана тестирлөөнүн жыйынтыктарына орчундуу таасир этиши мүмкүн.

### Жыйынтыктарды баалоо

20 суроонун 16 сына туура жооп берген окуучу тамгалардан муундарды жана жөнөкөй сөздөрдү куроо жөндөмүн жеткиликтүү даражада үйрөнгөнүн билдирет. 15 жана андан аз туура жооп бул жөндөмдүн үстүндө кошумча иш алып баруу керектигин аныктайт.

*Эскертүү*: Тамгаларды сөздөргө бириктирүү көндүмү окуучулар сөздү толугу менен тааныйт жана ал кепте кандай угулса, ошондой айтат дегенди билдирет. Эгер аны кантип жазылса, ошондой айтса, мугалим өзү үчүн туура эмес айтылган сөз катары белгилейт. Мисалы, «аба» сөзү оозеки кепте [ава] катары угулат. Эгер окуучу «аба» сөзүн [аба] деп окуса, анда ал чечмелеп окуй алуу жөндөмүнө ээ, бирок тамгалардын ушул айкалышынан турган сөздөрдү таануу жөндөмүнө ээ эмес. Бул окуучунун толук сүйлөмдөрдү окууда жана түшүнүүдө кыйналганын билдирет. Тексттерди окууга киришүүдөн мурун чечмелеп окуй алуу жөндөмүн абдан жакшы өздөштүрүү керек. Мугалим ушуга өзү убакыт бөлсө болот же окуучунун ата-энесине үйдөн машыгуу үчүн ылайыктуу көнүгүүлөрдү (чечмелеп окуй алуу, сөз байлыгын көбөйтүү, муундарга ажыратуу ж. б.) сунуштаса болот.

| | |
|---|---|
| 1. | сезүү |
| 2. | мамык |
| 3. | тоо |
| 4. | аары |
| 5. | карагат |
| 6. | эчки |
| 7. | үлүл |
| 8. | жибек |
| 9. | моюн |
| 10. | көлмө |
| 11. | үңкүр |
| 12. | гана |
| 13. | мүйүз |
| 14. | саамай |
| 15. | самын |
| 16. | тил |
| 17. | жеңиш |
| 18. | оңолуу |
| 19. | дөө |
| 20. | чоң |

**Көндүм**: Тааныш сөздөрдү окуу **Мөөнөтү**:_________________ **Упай**: _____/20

| | Окуучунун фамилиясы, аты | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | сезүү<br>ачык муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | мамык<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | тоо<br>ачык муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. | аары<br>ачык муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | карагат<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | эчки<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | үлүл<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | жибек<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | моюн<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | көлмө<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11. | үңкүр<br>жабык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 12. | гана<br>ачык муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13. | мүйүз<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14. | саамай<br>туюк муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15. | самын<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 16. | тил<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17. | жеңиш<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| 18. | оңолуу<br>ачык муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 19. | дөө<br>ачык муун, созулма үндүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| 20. | чоң<br>туюк муун | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | | |

# 6. АЛФАВИТТИ ҮЙРӨТҮҮ ЖАНА ЧЕЧМЕЛЕП ОКУУ БОЮНЧА КӨНҮГҮҮЛӨР[1]


| Аталышы | ДААМДУУ ТАМАК БЫШЫРАБЫЗ! |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• алфавиттин тамгаларын аташат;<br>• алфавиттеги тамгалардан башталган сөздөрдү табышат. |
| Модуль | Алфавит менен таанышуу |
| Класс | 1 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү ресурстар | Тамгалар жазылган карточкалар (көпкө колдонуш үчүн ламинация жасаса болот) |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтук, фронталдык |
| Аткаруунун кадамдары | **1-кадам.** Мугалим полго тегерек формасында карточкаларды жайгаштырат. Окуучулар тамгаларды тегеректеп турушат жана мугалим «Бышыргыла!» дегенде, баары бирдей «Даамдуу тамак бышырабыз!» деген сүйлөмдү кайталап, тамгаларды айлана башташат.<br>**2-кадам.** Мугалим эскертпестен: «Тамак бышты!» – деп айтат. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, мугалим бул көнүгүүнү музыкалык коштоо менен өткөрсө болот. Музыка токтогондо, балдар да токтош керек.<br>**3-кадам.** Ар бир окуучу кайсы жерде токтосо, ошол тамганы алып, ал тамгадан башталган тамакка сала турган азыкты билдирген сөздү аташы керек.<br>**4-кадам.** Бардыгы сөздөрдү айтып бүткөндөн кийин, көнүгүү кайталанат.<br>Көнүгүүнү бир нече жолу аткарса болот.<br>*Эскертүү:* эгер тамгаларды ламинация кылса, анда аларды бир нече жолу пайдаланса болот. Окуучуларды, алар кайсы тамгага токтогонун так көрүү үчүн, тамганы басуусун сурануу керек. |

[1] Бул көнүгүүлөр Интернетте ачык жеткиликтүү болгон басылмалардын материалдарына негизделген.

## Үлгү



| **Аталышы** | **ЖАШЫНГАН ТАМГАЛАР** |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• тамганын графикалык тартылышын таанышат;<br>• тамгаларды жарым-жартылай тартылышы боюнча аныктай алышат. |
| **Модуль** | Алфавит менен таанышуу |
| **Класс** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, топтук |
| **Аткаруунун кадамдары** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга карточкаларды таратат, карточкаларда тартылган предметтердин артында тамгалар жашырылган.<br>**2-кадам.** Окуучулар тамгаларды табышат жана табылган тамгалардын тыбыштарын айтышат.<br>**3-кадам.** Сүрөттүн алдындагы торчолорго окуучулар табылган тамгаларды жазышат. |
| **Үлгү** | |




Тиркеме 8.2. «Жашынган тамгалар» карточкалары

| Аталышы | ТАМГАНЫ ТАП |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• тамгаларды алардын графикалык тартылышы боюнча ар түрдүү вариантта (стиль, шрифт, форма, көлөм) аныктай алышат. |
| Модуль | Алфавит менен таанышуу |
| Класс | 1 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү ресурстар | Ар түрдүү стилдерде жазылган тамгалары бар карточкалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтук |
| Аткаруунун кадамдары | **1-кадам.** Мугалим тамгалар ар түрдүү стилдерде жазылган карточкаларды таратат же класстагы окуучулардын баарына көрсөтөт.<br>**2-кадам.** Окуучулар таблицада кайсы тамга тартылганын аныкташат. |
| **Үлгү** | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | О | С | Н |
| А | О | С | Н |
| А | О | С | Н |
| А | О | С | Н |
| А | О | С | Н |

| | | | |
|---|---|---|---|
| С | Н | М | У |
| С | Н | М | У |
| С | Н | М | У |
| С | Н | М | У |
| С | Н | М | У |

| | | | |
|---|---|---|---|
| М | У | Т | К |
| М | У | Т | К |
| М | У | Т | К |
| М | У | Т | К |
| М | У | Т | К |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Т | К | Ы | Л |
| Т | К | Ы | Л |
| Т | К | Ы | Л |
| Т | К | Ы | Л |
| Т | К | Ы | Л |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Л | Ы | В | Д |
| Л | Ы | В | Д |
| Л | Ы | В | Д |
| Л | Ы | В | Д |
| Л | Ы | В | Д |

| | | | |
|---|---|---|---|
| В | Д | П | Р |
| В | Д | П | Р |
| В | Д | П | Р |
| В | Д | П | Р |
| В | Д | П | Р |

| | | | |
|---|---|---|---|
| П | Р | И | З |
| П | Р | И | З |
| П | Р | И | З |
| П | Р | И | З |
| П | Р | И | З |

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Н | С | Ы |
| А | Н | С | Ы |
| А | Н | С | Ы |
| А | Н | С | Ы |
| А | Н | С | Ы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| О | М | Ы | Л |
| О | М | Ы | Л |
| О | М | Ы | Л |
| О | М | Ы | Л |
| О | М | Ы | Л |

Тиркеме 8.3. «Ар түрдүү стилдерде жазылган тамгалар» таблицалары

| Аталышы | ГЕЗИТ |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• тааныш эмес тексттеги тамгаларды тааный алышат. |
| **Модуль** | Алфавит менен таанышуу |
| **Класс** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Каалаган гезит, журнал же текст |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече, топтук |
| **Аткаруунун кадамдары** | **1-кадам.** Сабактан күн мурун мугалим окуучуларды гезит, журнал, жарнамалык брошюра, буклет же башка каалагандай басма продукциясын алып келүүсүн өтүнөт.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучуларга басма тексттерде «З» жана «Ш» тамгаларын тегеректеп коюуну сунуштайт (тамгалар сабактын планына жараша тандалат).<br>**3-кадам.** Окуучулар тапшырманы өз алдынча же кичи топтордо аткарышат.<br>**4-кадам.** Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин мугалим окуучуларды аткарган ишин көрсөтүүсүн суранат. |
| **Үлгү** | |



| Аталышы | ТАМГАНЫ ТАБУУ ЖАНА БОЁО |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• тамгалардын катарынан ар кандай тамгаларды таанышат. |
| **Модуль** | Алфавит менен таанышуу |
| **Класс** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Тамгалардын катары берилген таблицалар, түстүү калемдер |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече |
| **Аткаруунун кадамдары** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга ыраатсыз жайгаштырылган тамгалар менен таблицаларды таратат. Окуучуларга тамгаларды ылайыктуу түскө боёшун сунуштайт. Мисалы, «а» – кызыл, «б» – көк, «в» – жашыл ж. б.<br><br>**2-кадам.** Окуучулар нускамага ылайык тапшырманы аткарышат. |
| **Үлгү** | |

| САРЫ | ЖАШЫЛ | КЫЗЫЛ | СЫЯ КӨК | КЫЗГЫЛТ |
|---|---|---|---|---|
| Г | Д | Е | Ё | Ж |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е | Е |
| Г | Е | Е | Е | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г |
| Г | Г | Е | Г | Г | Г | Г | Е | Г | Г | Г | Г | Е | Г | Г | Г | Г | Е | Г | Г | Г |
| Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г |
| Г | Ж | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Г |
| Г | Ж | Г | Г | Ж | Ж | Г | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Г |
| Г | Ж | Г | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Г |
| Г | Ж | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Ж | Г | Г | Г | Ж | Ж | Ж | Г | Ё |
| Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Ё | Г |
| Ё | Г | Ё | Г | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Г | Г | Ё | Г | Ё | Г | Г | Ё |
| Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Г | Ё | Г | Ё | Г | Г | Ё |
| Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Ё | Г | Г | Ё | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Ё |
| Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Г | Ё | Ё | Г | Ё | Ё | Г | Ё |
| Ё | Г | Ё | Г | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Ё | Ё | Ё | Г | Ё | Г | Г | Ё |
| Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г |
| Г | Г | Г | Д | Г | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Е | Е | Е | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г |
| Г | Г | Д | Д | Д | Г | Г | Е | Г | Г | Г | Е | Г | Е | Г | Г | Е | Г | Е | Г | Г |
| Г | Д | Д | Д | Д | Д | Г | Е | Г | Г | Г | Е | Г | Е | Г | Г | Е | Г | Е | Г | Г |
| Г | Д | Д | Д | Д | Д | Г | Е | Г | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г | Е | Е | Е | Г | Г |
| Г | Г | Г | Д | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Г | Е | Г | Г | Г | Е | Г |

| КҮРӨҢ | ЖАШЫЛ | КАРА | КЫЗЫЛ | САРЫ |
|---|---|---|---|---|
| Ь | Э | Ю | Я | А |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь |
| Ь | Я | Я | Я | Я | Ь | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Я | Ь |
| Ь | Я | Э | Я | Я | Я | Ь | Я | Я | Я | А | Я | Я | Я | А | Я | Я | Я | А | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Я | А | Ь | А | Я | А | А | А | Я | А | А | А | Я | А | А | Ь |
| Ь | Э | Я | Э | А | А | Ь | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | А | А | Ь | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Э | Э | Ь | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Э | Я | Э | Э | Э | Ь | А | А | А | А | Ю | А | Ю | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Я | Э | Ь | А | А | А | А | Ю | Ю | Ю | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Э | Э | Ь | А | А | А | А | Ю | Ю | Ю | А | А | А | А | А | Ь |
| Ь | Э | Я | Э | Э | Э | Ь | Э | А | А | А | А | Ю | А | А | А | А | Ю | А | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Я | Э | Ь | Э | А | А | А | А | Ю | Ю | Ю | А | А | Ю | Ю | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Э | Э | Ь | Э | Э | А | А | А | Ю | Ю | Ю | Ю | А | А | Ю | Ь |
| Ь | Я | Э | Э | Э | Э | Ь | Э | Э | А | А | А | Ю | Ю | Ю | Ю | Ю | А | Ю | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Я | Э | Ь | Э | Э | А | А | А | Ю | Ю | Ю | Ю | Ю | А | Ю | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Э | Э | Ь | Э | Э | Э | А | А | Ю | Ю | Ю | Ю | Ю | А | Ю | Ь |
| Ь | Э | Я | Э | Э | Я | Ь | Э | Э | Э | А | А | Ю | Ю | А | Ю | Ю | А | Ю | Ь |
| Ь | Э | Э | Э | Э | Э | Ь | Э | Э | Я | Э | Ю | Ю | А | Ю | Ю | Ю | Ю | Ю | Ь |
| Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь | Ь |

| кызыл | сары кызыл | кара | кызгылт | көк | сыя көк | ак | жашыл | сары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Э | Л | М | Е | Р | 2 | 0 | 1 | 5 |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р |
| Р | Э | Э | Р | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Э | Р | Э | Э | Р |
| Р | Р | Э | Р | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Э | Э | Э | Э | Э | Р | Р | Э | Э | Р | Э | Р | Р |
| Р | Э | Р | Р | Э | Э | Р | Р | Р | Э | Э | Э | Э | Р | Р | 0 | Р | Р | Э | Р | Р | Э | Р |
| Р | Э | Э | Р | Э | Э | Р | Р | Э | Э | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Э | Р | Э | Э | Р |
| Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Э | Э | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | Р | Р | М | М | 5 | 5 | 2 | 2 | 1 | 1 | Э | Э | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | Р | 1 | Л | Л | Е | Е | М | М | М | 1 | 5 | 5 | 2 | 2 | Р | Р | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | Е | 1 | Л | Л | Е | Е | М | Л | М | М | 5 | 5 | 2 | 2 | Е | Р | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | М | М | Э | Э | 1 | 1 | Л | Л | М | М | Е | Е | 1 | 1 | Э | Э | Р | Л | Р |
| Р | Р | Р | Р | М | М | Э | Э | 1 | 1 | М | Л | М | М | Е | Е | 1 | 1 | Э | Э | 2 | Л | Р |
| Р | 2 | Р | Р | Л | Л | Е | Р | Е | Е | М | М | М | Э | 1 | 1 | 5 | 5 | М | М | 2 | Р | Р |
| Р | 2 | М | М | Л | Л | Р | Р | Р | Е | 5 | 5 | Э | Э | 1 | 1 | 5 | 5 | М | М | Р | Р | Р |
| Р | Р | Е | Е | 1 | Р | Р | Р | Р | Э | Е | Е | М | М | 2 | 2 | Э | Э | 2 | 2 | Р | Р | Р |
| Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Р | Э | Е | Е | М | М | 2 | 2 | Э | Э | 2 | 2 | Р | Р | Р |
